КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

07.08.2023 № 4826/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**"Кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору функциясын берүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу"**

Кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүгө көмөктөшүү жана кесиптик билим берүү уюмдарына өз ишинде академиялык жана финансылык өз алдынчалыгы үчүн шарттарды түзүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору функциясын берүү жөнүндө жобо (тиркемеге ылайык) бекитилсин;
2. Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгы (А.Б. Найманбаев), Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгы (Г.Дж. Мамырова) билим берүү уюмдарынын жетекчилерин ушул кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору функциясын берүү жөнүндө жобо менен тааныштырсын;
3. Азия өнүктүрүү банкынын "Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр" долбоорун ишке ашыруу бөлүмү кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору функциясын берүү жобого ылайык Алдыңкы тажрыйба борборлорунун ишин уюштурууга консультациялык колдоо көрсөтсүн;
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгы (А.Б. Найманбаев), Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгы (Г.Дж. Мамырова) жүктөлсүн.

**«Об утверждении Положения о придании образовательной организации профессионального образования дополнительной функции Центра передового опыта»**

В целях содействия развитию профессионального образования и создания условий образовательным учреждениям профессионального образования для академической и финансовой автономии в своих деятельностях, **приказываю:**

1. Утвердить Положение о придании образовательной организации профессионального образования дополнительной функции Центра передового опыта (согласно приложению);

2. Управлению высшего, среднего профессионального и послевузовского образования (А.Б. Найманбаев) ознакомить руководителей пилотных образовательных учреждений с данным Положением;

3. Отделу реализации «Программы развития сектора: Навыки для инклюзивного роста» Азиатского банка развития оказать консультационную поддержку в организации деятельности Центров передового опыта согласно Положению о придании образовательной организации профессионального образования дополнительной функции Центра передового опыта;

4. Контроль за исполнением данного приказа возложить на Управление высшего, среднего профессионального и послевузовского образования (А.Б. Найманбаев), Управление начального профессионального образования (Г.Дж.Мамырова).

**Заместитель министра** **Абазбек уулу Расул**

Приложение
к приказу Министерства
образования и науки
Кыргызской Республики
от «07» 08 2023г.
№ 4826/1

**Положение о придании образовательной организации профессионального образования дополнительной функции Центра передового опыта**

## 1. Общие положения

1. Настоящее положение регулирует дополнительные функции Центра передового опыта образовательными организациями, реализующие образовательные программы начального профессионального и/или среднего профессионального образования.

2. Образовательная организация начального профессионального и/или среднего профессионального образования с дополнительной функцией Центра передового опыта (далее – ЦПО) – это существующая образовательная организация начального профессионального и/или среднего профессионального образования, реализующая инновационные, интегрированные программы по разработке и продвижению инновационных, новаторских, цифровых, инклюзивных технологий и решений в целях удовлетворения запросов рынка и социально-экономических потребностей страны.

## 2. Цели и задачи ЦПО

3. ЦПО имеет следующие цели и задачи:

1) Совершенствование управления и финансирования профессионального образования через:

- внедрение принципов академической свободы и дальнейшее распространение данных принципов в образовательных организациях начального и/или среднего профессионального образования;
- планирование стратегии развития образовательной организации профессионального образования с определением потребностей рынка труда в целях предоставления востребованных на рынке труда навыков и квалификаций по приоритетным для экономики страны отраслям/направлениям;
- реализацию мер по внедрению инновационных механизмов привлечения дополнительных финансовых ресурсов и инвестиций.

2) Совершенствование качества обучения и образовательной среды профессионального образования через:

- реализацию и распространение инновационных подходов к обучению, модернизацию содержания образовательных программ по приоритетным направлениям профессионального образования;

- реализацию мер по наращиванию потенциала образовательных учреждений профессионального образования:

- улучшение образовательной среды профессионального обучения включая требования инклюзии и обеспечение доступности для социально уязвимых слоев;

3) Расширение социального партнерства со всеми заинтересованными сторонами и внедрение обучения дополнительным профессиональным и личностным навыкам через:

- реализацию мер по расширению социального партнерства, отраслевого сотрудничества;

- сотрудничество с работодателями для внедрения обучения на рабочем месте (далее – ОРМ), сертификации знаний и навыков;

- развитие обучения предпринимательству в образовательных учреждениях профессионального образования.

## 3. Функции ЦПО.

4. ЦПО выполняет следующие функции:

**1) Осуществляет реализацию эффективного средне- и долгосрочного стратегического плана развития, соответствующего социально-экономическим потребностям страны:**

– определяет и реализует миссию, стратегию и образовательные цели на основе принципов обучения на протяжении всей жизни и в соответствии с социально-экономическими потребностями страны;

– применяет метод анализа спроса и предложения рынка труда в целях определения потребностей в новых квалификациях, знаниях и навыках;

– обеспечивает достаточную автономию в стратегическом планировании, в принятии решений, в привлечении и распределении внебюджетных ресурсов для реализации миссии и образовательных целей по согласованию с попечительским советом;

– обеспечивает эффективное использование финансовых средств для успешной реализации стратегического плана по всем направлениям в соответствии с утвержденными индикаторами;

– реализует меры по внедрению механизмов привлечения инвестиций.

– реализует систему управления качеством, которая включает в себя регулярный процесс мониторинга, оценки и улучшения реализации стратегии и образовательных программ в соответствии с утвержденными индикаторами.

**2) Продвигает образовательные программы на компетентностной основе и ОРМ:**

– внедряет образовательные программы на компетентностной основе и проводит мониторинг для их улучшения;

– самостоятельно составляет, утверждает и реализует образовательные программы и модули, в том числе для краткосрочных курсов дополнительного профессионального образования и переподготовки на основе новых инновационных технологий обучения и практики;

– формирует необходимые практические навыки студентов через ОРМ при поддержке социальных партнеров согласно плану совместных мероприятий (или дорожных карт) и учебного плана, в которых на долю ОРМ приходится не менее 10% от учебной нагрузки (в зависимости от специальности);

– обеспечивает получение требуемой квалификации через практико-ориентированное обучение в соответствии с потребностями отрасли, производства и региона с учетом социальной и гендерной инклюзии, а также результатов предыдущего обучения;

– повышает эффективность процессов посредством применения стандартизации, методологий и практик в реализации программ на компетентностной основе, обучения на рабочем месте и управления качеством;

– разрабатывает и реализует образовательные программы на основе профессиональных стандартов и государственных образовательных стандартов;

– реализует все формы ОРМ с активным участием социальных партнеров, в том числе работодателей.

**3) Проводит мероприятия по непрерывному профессиональному развитию преподавателей в образовательных организациях профессионального образования в регионе:**

– содействует повышению квалификации инженерно-педагогических работников через систему переподготовки и повышения квалификации в передовых учебных центрах страны и других стран;

– поддерживает и развивает личностные и профессиональные навыки инженерно-педагогических работников;

– организует повышение квалификации, совершенствование знаний и навыков инженерно-педагогических работников в регионах по приоритетным специальностям/профессиям;

**4) Расширяет социальное партнёрство:**

– создает и поддерживает социальные и экономические условия для обучения, планирования и реализации личностного и профессионального роста и карьерной траектории студентов;

– обеспечивает участие партнеров в управлении, финансировании, разработке и реализации программ и стратегии развития ЦПО;

– координирует работу экспертных групп с участием социальных партнеров образовательных организаций профессионального образования;

– создает сеть организаций, которая объединяет различных провайдеров образования (профессиональные лицеи, колледжи, вузы, центры

обучения, институты и др.) и предприятия работодателей для обеспечения образовательной траектории и повышения квалификации инженерно-педагогических работников.

5) **Расширяет обучение предпринимательству:**

– развивает предпринимательские навыки студентов посредством интеграции учебного модуля или дисциплины по предпринимательству в учебные планы программ путем применения эффективных учебно-методических и дидактических материалов;

– развивает предпринимательские навыки студентов, представителей администрации и инженерно-педагогических работников посредством реализации бизнес-процессов учебно-производственного комплекса и активного задействования в данных процессах студентов, представителей администрации и инженерно-педагогических работников.

6) **Создаёт эффективную образовательную среду для профессионального обучения с учетом гендерной и социальной инклюзии:**

– реализует гендерную политику с четко определенными целями и задачами, критериями эффективности и планом действий;

– создает и поддерживает безопасную образовательную среду с учетом гендерного баланса и социальной инклюзии для достижения результатов обучения.

– эффективно и рационально использует ресурсы государства, партнеров и студентов (человеческие, финансовых, материально-технические и временные);

– применяет информационную систему (ИСУ), цифровую инфраструктуру с базой данных для принятия обоснованных управленческих решений и информирования общественности о планах и результатах деятельности.

7) **Оказывает академическую и социальную поддержку для профессиональной ориентации:**

– реализует меры по улучшению своего имиджа и привлечению большего количества обучаемых;

– создаёт условия для личностного развития студентов (внеклассные мероприятия по формированию жизненных/мягких навыков, рекреационные ресурсы);

– предоставляет студентам консультации по планированию и развитию карьеры;

– оказывает студентам социальную поддержку (стипендии, льготы, общежитие, и т.д.).

8) **Внедряет элементы сертификации навыков и компетенций и распространяет данный опыт среди других образовательных организаций:**

– обеспечивает достижение обучающимися определенной квалификации с учетом Национальной рамки квалификаций;

– оказывает информационное, методологическое, консультационное содействие другим образовательным организациям во внедрении элементов сертификации навыков и компетенций.

## 3. Права ЦПО

5. ЦПО имеет право:

– осуществлять научно-методическую и инновационную деятельность в целях развития образовательных организаций;

– заключать в установленном порядке соглашения с зарубежными партнерами по вопросам, входящим в его компетенцию, подписывать меморандумы, соглашения, договоры и иные документы с заинтересованными организациями по вопросам сотрудничества в области профессионального образования;

– организовывать учебно-производственную доходоприносящую деятельность;

– эффективно вести предпринимательскую деятельность (бизнес) в учебно-производственном комплексе на основе использования принципов устойчивого развития, сетевого партнерского взаимодействия с ведущими образовательными организациями, предприятиями и бизнес-ассоциациями сектора, а также профильными государственными структурами;

– самостоятельно определять направление и порядок использования средств от учебно-производственной деятельности, включая доли данных средств, направляемые на оплату труда, материальное стимулирование работников в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в области образования и по согласованию с попечительским советом:

– выступать учредителем учебно-производственных комплексов и ресурсных центров в соответствии с законодательством Кыргызской Республики;

– разрабатывать курсы повышения квалификации и новые образовательные программы на основе анализа спроса и предложения рынка труда.

– формировать штатную численности работников в условиях нормативного финансирования в пределах утвержденного бюджета, рассчитанного согласно численности студентов и типовым нормативам;

– самостоятельно формировать штатное расписание, исходя из производственной необходимости, вводить в штатное расписание вместо одних должностей, предусмотренных типовыми штатами, другие необходимые должности в пределах общего фонда оплаты труда;

– направлять на покрытие расходов, связанных с приобретением учебных материалов, средства, сэкономленные или высвобождаемые в результате оптимизации организационной структуры и штатов в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

## 4. Порядок присвоения и лишения дополнительной функции Центра передового опыта образовательной организации среднего профессионального образования

6. Образовательная организация, реализующая образовательные программы начального профессионального и/или среднего профессионального образования независимо от организационно-правовых форм (ведомственной принадлежности и форм собственности) может в установленном порядке получить дополнительную функцию Центра передового опыта при условии реализации всех функций, определенных настоящим Положением.

7. Уполномоченный государственный орган в области образования и науки проводит оценку образовательной организации профессионального образования по итогам которой образовательная организация может быть признана в качестве образовательной организации с дополнительной функцией Центра передового опыта и утверждена соответствующим приказом уполномоченного государственного органа управления в области профессионального образования.

8. Для проведения оценки уполномоченный государственный орган в области образования создает Комиссию из 5 (пяти) человек. Комиссия формируется из числа сотрудников уполномоченного государственного органа в области образования, представителей ассоциаций и объединений работодателей, а также Ассоциации колледжей Кыргызской Республики. Председателем Комиссии является представитель уполномоченного государственного органа в области образования.

9. Присуждение дополнительной функции Центра передового опыта образовательной организации среднего профессионального образования проводится на основании заключения Комиссии. Комиссия оценивает и определяет соответствие установленным требованиям и представляет отчет об оценке образовательной организации с рекомендациями.

10. Решение о присвоении дополнительной функции Центра передового опыта образовательной организации начального профессионального и/или среднего профессионального образования или об отказе в присвоении принимается коллегией уполномоченного государственного органа в области образования.

11. На основании принятого коллегией решения о присвоении дополнительной функции Центра передового опыта образовательной организации начального профессионального и/или среднего профессионального образования уполномоченный государственный орган в области образования издает соответствующий приказ.

12. Основанием для отказа в присвоении дополнительных функций Центра передового опыта является неполное соответствие реализации функций, приведенные в настоящем положении.

13. Если в установленный срок образовательная организация не устранила выявленное несоответствие минимальным требованиям коллегия

уполномоченного государственного органа в области образования рекомендует лишить образовательную организацию дополнительной функции Центра передового опыта.

## 5. Мониторинг и отчетность ЦПО

14. ЦПО осуществляет свою деятельность в соответствии со среднесрочным (3-5 лет) и годовым планами работ, утверждаемыми Педагогическим советом. Годовой отчет ЦПО по итогам работы заслушивается на Педагогическом совете образовательной организации.

15. ЦПО один раз в три года отчитывается по каждому аспекту на Коллегии уполномоченного государственного органа в области образования. Отчеты по результатам деятельности утверждаются коллегиально с внесением в протокол коллегии, в котором документируется принятие отчета или его отклонение.

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин
2023-жылдын "07" 08
№4826/1 буйругуна
тиркеме

**Кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясын берүү жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул жобо башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары тарабынан Алдыңкы тажрыйба борборунун кошумча функцияларын жөнгө салат.

2. Алдыңкы тажрыйба борбору (мындан ары - АТБ) кошумча функциясы менен башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү уюму – рыноктун суроо-талаптарын жана өлкөнүн социалдык-экономикалык муктаждыктарын канааттандыруу максатында инновациялык, новатордук, санариптик, инклюзивдик технологияларды жана чечимдерди иштеп чыгуу жана илгерилетүү боюнча инновациялык, интеграцияланган программаларды ишке ашыруучу башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү уюму.

## 2. АТБнын максаттары жана милдеттери

3. АТБ төмөнкү максаттарга жана милдеттерге ээ:

1) Кесиптик билим берүүнү башкарууну жана каржылоону төмөнкүлөр аркылуу өркүндөтүү:

- академиялык эркиндик принциптерин киргизүү жана башталгыч жана/же орто кесиптик билим берүү уюмдарында андан ары жайылтуу;
- өлкөнүн экономикасы үчүн артыкчылыктуу тармактар/багыттар боюнча эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү жана квалификацияларды берүү максатында эмгек рыногунун керектөөлөрүн аныктоо менен кесиптик билим берүү уюмун өнүктүрүү стратегиясын пландаштыруу;
- кошумча финансылык ресурстарды, инвестицияларды тартуунун инновациялык механизмдерин киргизүү боюнча чараларды ишке ашыруу.

2) Окутуунун сапатын жана кесиптик билим берүү чөйрөсүн төмөнкүлөр аркылуу өркүндөтүү:

- окутууга карата инновациялык мамилелерди ишке ашыруу жана жайылтуу, кесиптик билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттары боюнча билим берүү программаларынын мазмунун модернизациялоо;
- кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жогорулатуу боюнча чараларды ишке ашыруу;

- инклюзия талаптарын камтуу менен кесиптик билим берүү чөйрөсүн жакшыртуу жана социалдык жактан аярлуу катмарлар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;

3) Төмөнкүлөр аркылуу бардык кызыкдар тараптар менен социалдык өнөктөштүктү кеңейтүү жана кошумча көндүмдөргө окутууну киргизүү:

- социалдык өнөктөштүктү, тармактык кызматташтыкты кеңейтүү боюнча чараларды ишке ашыруу;

- жумуш ордунда окутууну (мындан ары – ЖОО) киргизүү, билимди жана көндүмдөрдү сертификациялоо үчүн иш берүүчүлөр менен кызматташуу;

- кесиптик билим берүү уюмдарында ишкердикке окутууну өнүктүрүү.

## 3. АТБнын функциялары

4. АТБ төмөнкү функцияларды аткарат:

**1) Өлкөнүн социалдык-экономикалык муктаждыктарына ылайык келген натыйжалуу орто жана узак мөөнөттүү стратегиялык өнүгүү планын ишке ашырат:**

– өмүр бою билим алуу принциптеринин негизинде жана өлкөнүн социалдык-экономикалык муктаждыктарына ылайык миссияны, стратегияны жана билим берүү максаттарын аныктайт жана ишке ашырат;

– жаңы квалификацияга, билимге жана көндүмдөргө болгон муктаждыкты аныктоо максатында эмгек рыногунун суроо-талабын жана сунушун талдоо ыкмасын колдонот;

– көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча миссияны жана билим берүү максаттарын ишке ашыруу үчүн стратегиялык пландаштырууда, чечим кабыл алууда, бюджеттен тышкаркы ресурстарды тартууда жана бөлүштүрүүдө жетиштүү автономияны камсыз кылат;

– бекитилген индикаторлорго ылайык бардык багыттар боюнча стратегиялык планды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн финансылык каражаттарды натыйжалуу пайдаланууну камсыздайт;

– инвестицияларды тартуу механизмдерин киргизүү боюнча чараларды ишке ашырат;

– бекитилген индикаторлорго ылайык туруктуу негизде стратегияны жана билим берүү программаларын ишке ашырууну мониторингдөө, баалоо жана жакшыртуу процессин камтуучу сапатты башкаруу системасын ишке ашырат.

**2) Компетенттүүлүк негизде билим берүү программаларын жана ЖООну илгерилетет:**

– компетенттүүлүк негизде билим берүү программаларын киргизет жана программаларды жакшыртуу үчүн мониторинг жүргүзөт;

– окутуунун жана практиканын жаңы инновациялык технологияларынын негизинде, анын ичинде кошумча кесиптик билим берүүнүн жана кайра даярдоонун кыска мөөнөттүү курстары үчүн билим

берүү программаларын жана модулдарды өз алдынча түзөт, бекитет жана ишке ашырат;

– биргелешкен иш-чаралар планына (же жол картасына) жана окуу планына ылайык социалдык өнөктөштөрдүн колдоосу менен ЖОО аркылуу студенттердин зарыл болгон практикалык көндүмдөрүн калыптандырат, анда ЖООнун үлүшү окуу жүктөмүнүн 10%дан кем эмесин түзөт (адистигине жараша);

– социалдык жана гендердик инклюзияны, ошондой эле мурунку окуунун натыйжаларын эске алуу менен тармактын, өндүрүштүн жана региондун муктаждыктарына ылайык практикага багытталган окутуу аркылуу талап кылынган квалификацияга ээ болууну камсыз кылат;

– компетенттүүлүк негизде программаларды ишке ашырууда, жумуш ордунда окутууда жана сапатты башкарууда стандартташтырууну, методологияларды жана практиканы колдонуу аркылуу процесстердин натыйжалуулугун жогорулатат;

– кесиптик стандарттардын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде билим берүү программаларын иштеп чыгат жана ишке ашырат;

– социалдык өнөктөштөрдүн, анын ичинде иш берүүчүлөрдүн активдүү катышуусу менен ЖООну ишке ашырат.

**3) Региондогу кесиптик билим берүү уюмдарындагы окутуучуларды кесиптик өнүктүрүү боюнча иш-чараларды өткөрөт:**

– өлкөнүн жана башка өлкөлөрдүн алдыңкы окуу борборлорунда кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы аркылуу инженердик-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга көмөк көрсөтөт;

– инженердик-педагогикалык кызматкерлердин инсандык жана кесиптик көндүмдөрүн колдойт жана өнүктүрөт;

– артыкчылыктуу адистиктер/кесиптер боюнча региондогу инженердик-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын, билимин жана көндүмдөрүн жогорулатууну уюштурат;

**4) Социалдык өнөктөштүктү кеңейтет:**

– студенттерди окутуу, алардын инсандык жана кесиптик өсүүсүн, карьералык траекториясын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн социалдык жана экономикалык шарттарды түзөт;

– АТБны өнүктүрүү стратегиясын жана программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, каржылоого, башкарууга өнөктөштөрдүн катышуусун камсыздайт;

– кесиптик билим берүү уюмдарынын социалдык өнөктөштөрүнүн катышуусу менен эксперттик топтордун ишин координациялайт;

– билим берүүнүн траекториясын камсыз кылуу жана инженердик-педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үчүн билим берүүнүн ар кандай провайдерлерин (кесиптик лицейлер, колледждер,

ЖОЖдор, окутуу борборлору, институттар ж.б.) жана иш берүүчүлөрдүн ишканаларын бириктирген уюмдардын тармагын түзөт;

**5) Ишкердикке окутууну кеңейтет:**

– натыйжалуу окуу-методикалык жана дидактикалык материалдарды колдонуу аркылуу окуу модулун же ишкердик боюнча дисциплинаны программалардын окуу планына интеграциялоо аркылуу студенттердин ишкердик көндүмдөрүн өнүктүрөт;

– окуу-өндүрүштүк комплекстин бизнес-процесстерин ишке ашыруу жана бул процесстерге студенттерди, администрациянын өкүлдөрүн жана инженердик-педагогикалык кызматкерлерди активдүү тартуу аркылуу студенттердин, администрациянын өкүлдөрүнүн жана инженердик-педагогикалык кызматкерлердин ишкердик көндүмдөрүн өнүктүрөт.

**6) Гендердик жана социалдык инклюзияны эске алуу менен кесиптик окутуу үчүн натыйжалуу билим берүү чөйрөсүн түзөт:**

– так аныкталган максаттар жана милдеттер, натыйжалуулук критерийлери жана иш-аракеттер планы менен гендердик саясатты ишке ашырат;

– окутуунун натыйжаларына жетишүү үчүн гендердик тең салмактуулукту жана социалдык инклюзияны эске алуу менен коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзөт жана колдойт;

– мамлекеттин, өнөктөштөрдүн жана студенттердин ресурстарын (адамдык, финансылык, материалдык-техникалык жана убактылуу) натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланат;

– негизделген башкаруу чечимдерин кабыл алуу жана пландар жана иштин натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымдоо үчүн маалыматтык системаны (БМС), маалыматтар базасы менен санариптик инфраструктураны колдонот.

**7) Кесиптик багыт берүү үчүн академиялык жана социалдык колдоо көрсөтөт:**

– имиджин жакшыртуу жана көбүрөөк окуучуларды тартуу боюнча чараларды ишке ашырат;

– студенттердин инсандык өнүгүүсү үчүн шарттарды түзөт (турмуштук/жумшак көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча класстан тышкаркы иш-чаралар, рекреациялык ресурстар);

– студенттерге карьераны пландаштыруу жана өнүктүрүү боюнча консультация берет;

– студенттерге социалдык колдоо көрсөтөт (стипендиялар, жеңилдиктер, жатакана ж.б.).

**8) Көндүмдөрдү жана компетенцияларды көз карандысыз сертификациялоо элементтерин киргизет жана бул тажрыйбаны башка билим берүү уюмдарынын арасында жайылтат:**

– Квалификациялардын улуттук алкагын эске алуу менен окуучулардын белгилүү бир квалификацияга жетишүүсүн камсыз кылат;

– көндүмдөрдү жана компетенцияларды сертификациялоонун элементтерин киргизүүдө башка билим берүү уюмдарына маалыматтык, методологиялык, консультациялык көмөк көрсөтөт.

### 3. АТБнын укуктары

5. АТБ төмөнкүлөргө укуктуу:

– билим берүү уюмдарын өнүктүрүү максатында илимий-методикалык жана инновациялык ишти жүргүзүүгө;

– чет өлкөлүк өнөктөштөр менен өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча белгиленген тартипте макулдашууларды түзүүгө, кесиптик билим берүү жаатында кызматташуу маселелери боюнча кызыкдар уюмдар менен меморандумдарга, макулдашууларга, келишимдерге жана башка документтерге кол коюуга;

– окуу-өндүрүштүк киреше алып келүүчү ишти уюштурууга;

– туруктуу өнүгүү принциптерин, билим берүү уюмдары, сектордун алдыңкы ишканалары жана бизнес-ассоциациялары, ошондой эле профилдик мамлекеттик түзүмдөр менен тармактык өнөктөштүк өз ара аракеттенүү принциптерин колдонуунун негизинде окуу-өндүрүштүк комплексте ишкердик ишмердүүлүктү (бизнести) натыйжалуу жүргүзүү;

– Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык жана көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу боюнча окуу-өндүрүштүк иштен түшкөн каражаттарды пайдалануунун багытын жана тартибин, анын ичинде кызматкерлерге эмгек акы төлөөгө, материалдык дем берүүгө багытталган бул каражаттардын үлүшүн өз алдынча аныктоого;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу-өндүрүштүк комплекстердин жана ресурстук борборлордун уюштуруучусу катары чыгууга;

– эмгек рыногунун суроо-талабын жана сунушун талдоонун негизинде квалификацияны жогорулатуу курстарын жана жаңы билим берүү программаларын иштеп чыгууга;

– ченемдик каржылоо шарттарында студенттердин санына жана типтүү ченемдерге ылайык эсептелип, бекитилген бюджеттин чегинде кызматкерлердин штаттык санын түзүүгө;

– өндүрүштүк зарылчылыкка жараша штаттык расписаниени өз алдынча түзүүгө, типтүү штаттарда каралган кызмат орундарынын ордуна эмгек акы төлөөнүн жалпы фондунун чегинде башка зарыл кызмат орундарын штаттык ырааттамага киргизүүгө;

– уюштуруу түзүмүн жана штаттарды оптималдаштыруунун натыйжасында үнөмдөлгөн же бошотулган каражаттарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу материалдарын сатып алуу менен байланышкан чыгымдарды жабууга жумшоого.

## 4. Орто кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясын берүүнүн жана ажыратуунун тартиби

6. Башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму уюштуруу-укуктук формаларына (ведомстволук таандыгына жана менчигинин түрүнө) карабастан ушул Жободо аныкталган бардык функцияларды ишке ашырган шартта белгиленген тартипте Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясые ала алат.

7. Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кесиптик билим берүү уюмун баалоо жүргүзөт, анын жыйынтыгы боюнча билим берүү уюму Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясы менен билим берүү уюму катары таанылышы жана кесиптик билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик башкаруу органынын тиешелүү буйругу менен бекитилиши мүмкүн.

8. Баалоо жүргүзүү үчүн билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган 5 (беш) адамдан турган Комиссия түзөт. Комиссия билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлеринен, ассоциациялардын жана иш берүүчүлөр бирикмелеринин өкүлдөрүнөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Колледждер ассоциациясынын өкүлдөрүнөн түзүлөт. Комиссиянын төрагасы болуп билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлү эсептелет.

9. Орто кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыба борбору кошумча функциясын берүү Комиссиянын корутундусунун негизинде жүргүзүлөт. Комиссия билим берүү уюмунун белгиленген талаптарга шайкештигин баалайт жана аныктайт жана сунуштары менен билим берүү уюмун баалоо жөнүндө отчет берет.

10. Башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясын берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын коллегиясы тарабынан кабыл алынат.

11. Башталгыч кесиптик жана/же орто кесиптик билим берүү уюмуна Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясын берүү жөнүндө коллегия тарабынан кабыл алынган чечимдин негизинде билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тиешелүү буйрук чыгарат.

12. Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясын берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп ушул Жободо белгиленген функцияларды ишке ашырууга толук ылайык келбөө эсептелет.

13. Эгерде билим берүү уюму белгиленген мөөнөттө аныкталган минималдуу талаптарга ылайык келбестикти жойбосо, билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын коллегиясы билим берүү уюмун Алдыңкы тажрыйба борбору кошумча функциясынан ажыратууну сунуштайт.

## 5. АТБнын мониторинги жана отчеттуулугу

14. АТБ өз ишин Педагогикалык кеңеш бекиткен орто мөөнөттүү (3-5 жыл) жана жылдык иш пландарына ылайык жүргүзөт. Иштин жыйынтыгы боюнча АТБнын жылдык отчету билим берүү уюмунун Педагогикалык кеңешинде угулат.

15. АТБ ар бир аспект боюнча билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын коллегиясына үч жылда бир жолу отчет берет. Иштин натыйжалары боюнча отчеттор коллегиянын протоколуна киргизүү менен коллегиялуу бекитилет, анда отчеттун кабыл алынышы же аны четке кагуу чагылдырылат.